УДК: 913.1 (575.2) (04)

## ЖЕР - СУУ ЖАНА ЭЛ АГАРТУУ ТАРМАГЫНЫН РЕФОРМАТОРУ - Т. АЙТМАТОВ

**Наркеев Сапарбек Анарбекович**
доцент, т.и.к.,

## РЕФОРМАТОР ЗЕМЕЛЬНО-ВОДНОЙ СИСТЕМЫ И НАУЧНОГО ОБРАЗОВАНИЯ - Т. АЙТМАТОВ

**Наркеев Сапарбек Анарбекович**
доцент, к.и.н.,

## REFORMATOR SETI ZEMLYA-VODA I NAUCHNOGO OBRAZOVANIA - T. AITMATOV

**Narkeev Saparbek Anarbekovich**
associate professor, candidate of historical sciences

*Аксы колледжи, Жалал-Абад мамлекттик университети*
*Аксыйский колледж, Жалал-Абадский государственный университет*
*Aksyysk College, Jalal-Abad State University*

**Аннотация.** Бул макалада Т.Айтматовдун өмүр баяны, совет бийлиги, жер-суу реформасы, совет бийлигин чыңдоо маселелери жана элдин руханий өзгөчөлүгү туралуу баяндалат.

**Негизги сөздөр:** падышалык орусия, совет бийлиги, жер-суу реформасы, билим берүү, жадидчилик кыймылы.

**Аннотация.** В данной статье описывается биография Т. Айтматова, советское правительство, земельная и водная реформа, вопросы укрепления советской власти и духовные особенности народа.

**Ключевые слова**. Российская империя, советская власть, земельно-водная реформа, образование, движение джадидизма.

**Abstract.** This article describes the biography of T. Aitmatova, Soviet government, land and water reform, issues of strengthening Soviet power and spiritual features of the people.

**Key words.** Tsarist empire, Soviet power, land and water reform, education, Jadidism movement.

Айтматов Төрөкул 1903-жылы Шекер айылы, Талас облусунун Кара-Буура районунда туулган, ал кезде Түркестан крайы, Олуя-Ата уезди, Сыр-Дарыя облусу Орусия империясына баш ийип турган. Советтик партиялык кызматкер, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын БКнин 2-катчысы, Кыргыз АССРнин соода эл комиссары болуп эмгектенген.

Айтматов Төрөкул – кыргыз элинин сол канатындагы кытай уруусунан, Айтматты анын атасы Кимбилди, ал эми анын атасы Кончужок, Айтматтын аялы Айымкан. Экөөнүн беш уул-кызы болгон, алар –Айымкүл, Төрөкул, Карагыз, Гүла- йым жана Рыскулбек [1.]. Айтматтын кийим тигүүчү машинасы болгон, аны кийин эжелерине берген, бир тууганы Биримкул менен Күркүрөө дарыясына суу тегирмен курушкан, бир жылдай иштетишкен, ал кийин өрттөнүп кеткен. Айласыздан ишкерлигин таштап, Төрөкул бул аралыкта карындашы Каракыздын айтуусу боюнча адегенде айыл-

дык молдодон кат-сабатын жойгондугун кубануу менен айтып берерин анын уулу Жапарбек кабарлайт [2. 54-б].

Айтматтын балалык чагы Орус падышалык оторчуларынын кыйчалыш саясатынын учуруна туш келет, эл аралык абал да курчуп турган мезгил болгон. Айылындагы тегирмени өрттөнүп кеткен соң, бала-чакасын багуу үчүн жумуш издеп, акыры 10 жаштагы баласы менен Маймактагы Тешкен-Тоо темир жол станциясына барып ишке орношот. Ал жакта орус-тузем мектебине окууга кирет. Ал мектепти аяктап, туулуп-өскөн айылына кайтып келет. Ошентип, Айтматтын уулу Төрөкулдун саясий ишмердиги 1917-жылы мектепти аяктаган жылдары башталган, ал тууралуу кызы атасынын эскерүүсүн окуп, Р. Айтматова мындайча баяндайт: [3. 72-73-бб] ал учур орус-тузем мектебинин биринчи бас- кычын аяктаган эле, андан ары мектептин экинчи баскычын улантып окуйт.

**Нарк баарынан улук:** Айтмат ар дайым кыргыз элинин каада-салтын бекем карманган инсан экендигин анын көзү өтөөрүндө уулу Төрөкулга айткан керээзинен байкоого болот, анда уул-кыздарынын эң улуусу Төрөкулга кайрылып, «кыздарга арка-бел бол, алардын төркүнү сен болосуң, ар дайым каралашып тургун, кыз деген боорукер жана элдин куту, бактысы, тукум улоочусу болот, эгерде мен өтсөм тууган-уруктун баарын чакыргын, тегирменди өрттөгөндөрдү да чакыргын, алар да сага тууган, аларды кечиргин, эл ичинде жамандык жакшылыкта туугандар бириктирет деген элдик лакап бекеринен айтылбаса керек. анан мындайда араздашып калгандар элдешип алышат» деп төмөнкү ыр саптары менен бекемдейт. Өзөн, өзөн, өзөн тал, / / Өстүрсө керек болбойбу // Тууганыңдын жаманы, // Өлгөндө керек болбойбу. [4. 73 - б] . Мына ушул ыр саптары айтып тургандай Айтмат бабабыз салтты гана билбестен, жамактап айта билген инсан экендигин билебиз.

**Билимге карай умтулуу:** Демек, Айтмат элдик ырларды да жамактап айта билген, каада-салтты сактаган, элдин, тууган-уруктун биримдигин чыңдаган, келечекти көрө билген, туугандын топурагы алтын деген элдик лакапты баамдаган, кечиримдүү, кара сөз чебери да болгондугун жогорудагы ыр саптарынан, уулу менен баарлашканынан баамдоого болот. Ошондуктан Төрөкулдун зиректигин байкаган Айтмат уулуна ишенип, орус-тузем мектебине окуткан, ошол себептен Төрөкул орус мектебинен билим алып, коомдо болуп жаткан процесстерди баамдап, кыргыз коомуна жаңылануу доору келгендигин, коомду өзгөртүү тамырын туура, так баамдап, жаңы совет коомун кубаныч менен кабыл алган.

**Саясаттагы жол:** ал орус-тузем мектебинде алган билимин эл журтуна ак дилден арноо максатында адегенде Күркүрөө болуштугунун кеңешинде катчы, ошол эле учурда Грозный айылында батрактардын коомдук бирикмесинде да катчылык кызматты аракалайт. Андан соң Ташкенттеги партиялык окууга барып, билимин жогорулатат. Ал жерден түз эле Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин Сталин атындагы Коммунисттик Университетинин угуучусу болот. Ал жактан окуусун аяктап келип, 1925-1926-жылдары Фрунзеде инструктор, бөлүмдүн орун басары, көп өтпөй Кыргыз обкомунун бүткүл союздук Коммунисттик партиясынын (большевиктер) агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы, 1926-жылдын май айынан баштап Төрөкул Айтматов ВКП (б) нын Кара-Кол-Нарын округунун катчысы болуп эмгектене баштаган. Барган учурдан баштап, республикадагы жана совет мамлекетинин аймактардагы жер-суу реформасын кызуу ишке ашыруу аракети жүргүзүлгөн учурга туура келет. Ысык-Көл жана Нарын аймактарында калкты отурукташтыруу, калкты жаңы уюмдаштыруу, коллективдештирүү саясатын ишке ашыра баштайт. Бул ай-

макта алты ай тынымсыз эмгектенип, калкты отурукташтырып, ички карама-каршылыктарга карабастан бир топ иштерди ишке ашырат. Бирок бай-манаптардын карама-каршылыгы күчтүү экендигин сезген Төрөкул 1925-жылдын 4-ноябрындагы облустук партконференцияда мындай деп баса белгилеген: кедейлердин, малчылардын, батрактарды бай-манаптардын экономикалык көз карандылыгынан бошотуу үчүн адегенде аларды кооперативге кызыктыруу жана тартуу керек, аларга уй, саан уй, малмүлк, эгинге урук, эмгек шаймандарын д.у.с. керектөөчү насыяларды уюштуруу зарылдыгын белгилейт [5. 77-б.]

Эгерде биз ушул коюлган маселелерди ишке ашырбасак, анда айыл жериндеги бай-манаптар колунда жок карапайым калкты акчага сатып алып, каалаган кызыкчылыктарын ишке ашыра беришет. Ошондуктан калкты арзан насыялар менен камсыздап, советтик партиялык мыйзамдуулукту жеринде камсыз кылуу керек. Калк эң ириде экономикалык эркиндикке ээ болушу зарыл, андыктан калкка жумуш орундарын уюштуруу, совет бийлигин ишенимин арттыруу багытында элге социалдык маселелерин чечип беришибиз керек деген ойлорун ортого салган.

**Ички душман менен күрөш**. Айтматов Төрөкул совет мамлекетин кыргыз жеринде орнотууда чарбалык маселелер менен бирге эле контрабанда менен да күрөшкөн, анын маалыматтарында 1926-жылдын 6-февралдагы Каракол кантонундагы партконференцияда: жыл ичинде массалык бир топ куралдуу контрабанда жок кылынганын, башкача айтканда 411 контрабанда кармалганын баяндайт. Ошондой эле округда эки банда уюшкан котрабанда бар экендигин алардын бири Шамыров Үзөн башчылык кылган контрабанда, ал эми экинчи тобун Жантай Аманов жетектектеген контрабанда жана Батыр Жаксалык кытай жана кыр- гыз тарапта уюшкан контрабандалык иштерди дээрлик 43 жыл ишке ашырып келген. Аны менен гана чектелбестен кыргыз айылдарын талап-тоношконун, алардын баары жоюлганын докладында баяндаган.

**Советтик дин саясаты.** Дин маселесине да токтолгон айрыкча орус, өзбек, орус, уйгурлардын айылдарында диндик уюмдар көп экендигин кабарлаган. Кыргыз айылдарында жадидчилик исламдык агымдар бар экендигин баса айткан. Жадидчилик [6.] – араб тилинен которгондо «жаңы ыкма» дегенди билдирет, башкача айтканда жаңыча ыкмада билим берүү башкы малелелерден болгон. Алар адегенде сабатсыз адамдардын билимин жогорулатууга, сабатсыздыгын жоюуга багытталган, бирок билимисиздигинен жана караңгылыгын пайдаланышып, элдин диний салттык диндик ишенимдерин талкалап, жаңы коомдук - советтик бийликке каршы пайдалынылып жаткан ыкмалар бар экендигин жана да динди жамынган тарапкерлер менен иш алып баруу зарылдыгын белгилеген. Бабалардын салттык диний түшүнүктөрүн бекем сактоо зарылдыгын жана ыйык жерлерге аяр мамиле жасоо зарылдыгын ар качан айтып келген.

**Партиядагы ички күрөш.** Партиялык уюмдарга айылдарда сабатсыз адамдарды кабыл алуу тездик менен күчөп кеткен, мындай ыкма партиянын кадырына шек келерин алдын ала көрө билген. Бул маселелерди ырааттуу чечүүдө партиялык кызматкерлер калк ичинде атайын уюштуруу иштерин алып баруу зарыл деп эсептеген. Айтматов Төрөкул партиялык иштерде партиянын ичинде уруулук-кландык байланыштар бар экенин айткан, аны менен катар эле аялдардын укуктарын коргоо зарылдыгын, ошондуктан партиянын катарына аялдарды тартуу, алардын сабатсыздыгын жоюу негизги маселе экендигин, ошондой эле 1926-1927-жылдардын аралыгында партияга аялдарды кабыл алуу 35-74 адамга жогорулап жатканын белгилеген.

**Айтматов жана агартуу тармагы:** Совет бийлигин чыңдоодо калктын сабатсыздыгын жоюу максатында 1934-жылы 15-июлда С Т. Айтматов эл агартуу тармагында мектептерде башталгыч билим берүүнү ишке ашыруу советтик Кыргызстанда 50%га аткарылганын, башкача айтканда, 1928-жылдары 520га мектептин саны жогорулаганын белгилеген. Ошондой болсо да кадрларды жогорку жана орто техникумдарда даярдоо солгун экендигин, социалисттик курулуштун талаптарына жооп бере албай жаткандыгын, себеби 131000 адам гана билим алып жатканын баса белгилеген. Айрыкча айыл чарба тармагында кадрлар аз экендигин, бул багытта билимдүү адистерди даярдоо зарыл деп эсептеген. 1933-34-окуу жылында 128 миң окуучу мектепке тартылган, бул республиканын 65% гана камтыганын маалыматтарында баяндайт. Бул маселелерди ишке ашырууда мугалимдердин сабаттуулугу башкы маселе экендигин белгилеген, анын докладында мугалимдин сабагынын сапаттуулугун арттыруу, ал багытта мугалимдин теориялык жана практикалык деңгээлин жана жоопкерчилигин жогорулатуу башкы орунда турат деп эсептеген. Мамлекеттик жана партиялык жетекчи катары билим берүүнү ишке ашырууда мектеп менен өндүрүш тыгыз кызматташуусу зарыл, анткени практика менен айкалышкан билим гана социалисттик курулушту алга жылдыраарын баамдаган. Ошондой эле ар бир мектептерде атайын окуу устаканалары болуш керек экендигин, мектеп колхоз, совхоздор менен келишим түзүп иш алып баруусу зарыл деп эсептеген. Аны менен катар эле мектептерди билим берүүнүн сапатын жогорулатууда окуу материалдык-техникалык базасын чыңдоо керек деп эсептеген. Ошондой эле ар бир класс үчүн окуу китептерин басма чыгарууну колго алуу зарыл деп белгилеп, 1934-жылы 15 аталыштагы окуу куралы башталгыч класстар үчүн, 14 наамдагы окуу китеби орто мектептер үчүн басмадан чыгарыларын баяндаган. Ошентип, Т. Айтматов кыргыз жеринде совет бийлигин орнотууда эбегейсиз салым кошконун баамдоого болот. Айыл чарбасында жер-суу реформасын ишке ашырууда жана бардык тармактарды мыйзамдуулукту ишке ашыруу максатында ички жана тышкы душмандар менен да катуу иш алып барганын анын докладдарын билебиз. Аны менен бирдикте агартуу тармагында билим берүүгө абдан токтолгон, билимди практика менен айкалыштыруу керек экендигин, мугалимдердин билимин жана жоопкерчилигин бекемдөө зарылдыгын баса белгилеген.

Жыйынтыктап айтканда, Т. Айтматов кыргыз совет мамлекетинин пайдубалын курууда тынымсыз эмгектенгенин, анын докладдарынан байкоого болот. Андыктан анын жазган эмгектери кабарлап тургандай, Т. Айтматов советтик Кыргыз мамлекетинин чарбалык реформасын гана эмес калктын агартуучусу жана уюштуруучу реформатору болгон деп баса белгилөөгө болот.

**Адабияттар:**

1.Википедия.

2. Википедия

3. Айтматова Р. Тарыхтын актай барактары. Б.,2023.-328. 72-73-бб.

4. Айтматова Р. Тарыхтын актай барактары. Б.,2023.-328. 72-73-бб.

5.Төрөкул Айтмат уулу. Төрөкул Айтмат уулу ж-ө эскерүүлөр жана архивдик материалдар. Редак.коллегия:К.Какеев, Т.Абдыкаров, Т.Козубеков, И.Айтматов,Д.Жапаров, Т.Иязалиев. Б.,1993-ж.-200. 77-б.

6. Википедия.